«Каралды»
ОГПИнин Окумуштуулар
кеңеши
Протокол №_3_____
«_21_»____01_____2019- ж .

«Бекитемин»
ОГПИнин ректору,
п.и.к., профессор Б.Б. Зулуев
_____
«_21_»____01_____2019-ж.

ОГПИнин «Мыкты лектор» сынагынын жобосу

1. Жалпы жобо

1.1.Сынак ОГПИнин мамлекеттик тилде сабак өткөн окутуучулардын ортосунда жүргүзүлөт;

1.2. Конкурстун максаты – жогорку билим берүү баскычында окутуунун тили катары мамлекеттик тилдин колдонулушун кеңейтүү максатында ОГПИде жана кесиптик орто билим берүү бөлүмүндө филологиялык эмес дисциплиналар боюнча кыргыз тилинде сабак өткөн мыкты лекторлор учун кошумча моралдык жана материалдык кызыктырууну көздөйт.

1.3. Жобо ОГПИнин ректору тарабынан бекитилет.

2.1. Сынак эки баскыч боюнча өтөт:

1). Институттун мыкты лекторлорун аныктоо (1,2,3-орун);

2). Кесиптик орто билим берүү бөлумүнүн мыкты лекторлорун аныктоо (1,2,3-орун).

2.2. Биринчи, экинчи баскычта мамлекеттик тилде сабак өткөн окутуучулардын иштери окуу жылы боюнча эки критерий менен бааланат:

– “Мыкты лектор студенттин көзү менен” анкетасы аркылуу бааланат (анкеталык сурамжылоо жүргүзүлүп, комиссиягаберилет);

– Мыкты лектордун окуу жылындагы мамлекеттик тил боюнча ишмердүүлүгүнө жетишкендиктерине карата бааланат (ректордун буйругу менен түзүлгөн атайын комиссия тарабынан).

2.3. Кыргыз тилинде сабак өткөн мыкты лектор төмөндөгү критерийлер менен аныкталат:

– “Мыкты лектор студенттин көзү менен” анкетасынын жыйынтыгынын упайы;

– Окутуучунун мамлекеттик тил боюнча ишмердүүлүгүнүн, жетишкендиктеринин жыйынтык упайы кошулуп, көп упай алышы боюнча орундар аныкталат.

2. Сынакты өткөрүүнүн тартиби

3. Окутуучунун мамлекеттик тил боюнча ишмердүүлүгүнү 11
Жетишкендиктерин баалоо критерийлери:

3.1 .Окуу-усулдук комплексинин мамлекеттик тилде түзүлүшү – 5,7,9

3.2.Лекциялык материалдардын мамлекеттик тилде жазылуу деңгээли – 10,15,20

3.3.Лекциялык материалдарынын мамлекеттик тилдеги электрондук варианты (мазмуну толук, толук эмес) – 5,10

3.4.Лекциялык материалдарынын мамлекеттик тилде электрондук ресурстарга (электрондук китеп, китепкана, интернет) жайгаштырылышы – 10, 15, 20

3.5. Өтүп жаткан предмети боюнча мамлекеттик тилде чыгарган окуу китеби – 30

3.6. Өтүп жаткан предмети боюнча мамлекеттик тилде чыгарган окуу куралы – 25

3.7. Өтүп жаткан предмети боюнча мамлекеттик тилде чыгарган окуу-усулдук көрсөтмөсү – 20

3.8.Өтүп жаткан предмети боюнча башка тилден өзү которуп басмадан чыгарган Окуу китеби – 25

3.9.Өтуп жаткан предмети боюнча башка тилден өзү которуп, басмадан

чыгарылбай окуу процессинде колдонулушу – 15
3.10.Окуу процессинде дидактикалык көрсөтмө куралдарды, кошумча техникалык Каражаттарды колдонуу деңгээли – 5,7,9
3.11.Сабакта студенттердин лектор тарабынан өтүлгөн материалды, теманы кабылдоо, түшүнүү деңгээли – 5,7,9
3.12.Мамлекеттик тилде сабак өтүү деңгээли – 6,8,10
3.13. Практикалык, лабораториялык сабактардын тапшырмаларынын мамлекеттик тилде жазылышы – 10
3.14.Лектор тарабынан окуу бөлмөсүн, лабораториясын мамлекеттик тилде Жасалгалоо иши (ишжузундегутастыктамасыныннегизинде) – 30
3.15.Кыргыз тест системасы тест тапшыруунун деңгээлдик баскычы жана анын жыйынтыгы – A1 – 5, A2 – 8, B1 – 10, B2 – 15, C1 – 20, C2 – 25.
3. Финансылык каржылоо
3.1. Сынакты финансылык каржылоо ОГПИнин ички бюджетинин эсебинен жүргүзүлөт;
3.2. Бул сынактын сыйлыгы — ОГПИнин ардак грамотасы жана акчалай сыйлык.
4. Уюштуруу тобу
4.1. Мамлекеттик тилде сабак өткөн мыкты лектор сынагы боюнча ОГПИнин Биринчилигин уюштуруу, өткөрүү жана анын жыйынтыгын чыгаруу мамлекеттик Тил боюнча проректору тарабынан жүрүгүзүлөт.
4.2. Уюштуруу тобунун курамына 1-этапта: ОГПИнин мамлекеттик тил боюнча проректору, окуу бөлүмүнөн жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдөн өкүлдөр кирет.
5. Сынактын жыйынтыгын чыгаруу
5.1. Сынактын жыйынтыгын атайын түзүлгөн комиссия ОГПИнин күнүнө карата чыгарат;
5.2. көп упай топтогонуна карата аныкталат.
5.3. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо:
1-орун – ОГПИнин ардак грамотасы, акчалай сыйлык;
2-орун – ОГПИнин ардак грамотасы, акчалай сыйлык;
3-орун – ОГПИнин ардак грамотасы, акчалай сыйлык.
5.4. Жеңүүчүлөргө сыйлыктар ОГПИнин күнүнө карата салтанаттуу түрдө тапшырылат.
Анкета
“Мыкты лектор студенттин көзү менен”
1. Сизге _____ предметинен мамлекеттик тилде сабак өткөн Окутуучунун сабагы пайдалуубу?
а) ооба – 3
б) анча пайдалуу эмес – 2
в) жок – 0
2. _____предметинен мамлекеттик тилде сабак өткөн окутуучу Канчалык деңгээлде өз сабагын түшүндүрө алат?
а) абдан жакшы түшүндүрөт – 3
б) жакшы түшүндүрөт – 2
в) жакшы түшүндүрө албайт – 1
3 . _____предметинен мамлекеттик тилде сабак өткөн окутуучунун Сабагы бизге…
а) өтө кызыктуу – 3
б) кызыктуу – 2
б) кызыксыз – 0
4. _____предметинен сабак берген окутуучу мамлекеттик тилде лабораториялык, курстук, дипломдук иштерди жазууну үйрөтөт жана бизден анын мамлекеттик тилде аткарылышын талап кылат:

а) ооба – 3
б) жок – 0
5 . _____предметинен сабак өткөн окутуучу өзү мамлекеттик тилде так жанатуура сүйлөй алабы?
а) ооба – 3
б) аралаштырып сүйлөйт – 2
в) так, тура сүйлөбөйт – 0
6. _____предметинен сабак өткөн окутуучунун дагы башка Сабактардан беришин каалайсызбы?
а) ооба – 3
б) жок – 0
7. Окуткан_____сабагынан чыгарган окуу китебин … пайдаланасызбы?
а) дайыма – 5
б) кээде – 2
в) жок – 0
8.Окуткан _____ сабагы боюнча башка тилдеги окуу китебин Мамлекеттик тилге которуп, окуткан материалдарын … пайдаланабыз
а) дайыма – 3
б) кээде – 2
в) жок – 0
9. Лекциялык, практикалык материалдарынын мамлекеттик тилдеги электрондук Вариантын пайдалануу
а) дайыма – 3
б) кээде – 2
в) билбейм – 0
10. _____сабагынан мамлекеттик тилдеги лекциялык, практикалык материалдарын электрондук ресурстардан (электрондук китеп, китепкана, интернет)… пайдаланабыз.
а) интернеттен – 5
б) электрондук китеп түрүндө – 3
в) китепканадан – 2